**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин соц.педагогдун 2017-2018-окуу жылындагы жылдык отчету.**

2017-2018-окуу жылына карата жылдык,айлык пландар түзүлүп,

мектепте "Укук бузуулардын алдын алуу" боюнча мектеп кеңешинин тобу түзүлдү.

Мектепте 1-11-класстардын класс жетекчилери менен биргеликте социалдык паспортту түзүлүп,төменкүдөй абал аныкталды.

| № | 2017- окуу жыл башындагы окуучулардын сыны | 2018-окуу жыл аягындагы окуучулардын саны | Айырмачылыктары |
|---|---|---|---|
| 1 | 776 | 744 | 32 |

| № | Үй-бүлөдөгү социалдык абалы | 2017-окуу жылы | 2018-окуу жылы | айырмасы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Тоголок жетим | 0 | 0 | |
| 2 | Жарым жетим | 38 | 38 | |
| 3 | Аз камсыз болгон үй-бүлөлөр | 42 | 42 | |
| 4 | Көп балалуу үй-бүлөлөр | 88 | 88 | |
| 5 | Ата-энеси мигарант үй-бүлөлөрдүн балдары | 163 | 158 | 5 азайган |
| 6 | Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок окуучулар | 1 | 1 | |
| 7 | Мыйзам менен чатагы бар окуучулар | 0 | 0 | |
| 8 | ИДН дин утчётунда турган окуучулар | 0 | 0 | |
| 9 | Мектептин утчётунда турган окуучулар | 0 | 0 | |
| 10 | Микроучастокто жашаган бирок окубаган окуучулар | 0 | 0 | |
| 11 | Мүмкүнчүлүгү чектелген үйдө окутулган окуучулар | 7 | 7 | |
| 12 | Мектепте окуган мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар | 5 | 5 | |
| 13 | Ата-энеси инвалид окуучулар | 9 | 9 | |
| 14 | Ата-энеси Чернобыль авариясына катышкан | 0 | 0 | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | окуучулар | | | |
| 15 | Ата-энеси Афганистандагы аскердик кыймылга катышкан окуучулар | 1 | 1 | |
| 16 | Ата-энеси Баткен окуясына атышкан окуучулар | 2 | 2 | |
| 17 | Ата-энеси Апрель окуясына катышкан окуучулар | 0 | 0 | |
| 18 | Ароосуз калган окуучулар | 0 | 0 | |
| 19 | Эмгектин эң начар формасына тартылган окуучулар | 0 | 0 | |
| 20 | Өгөй ата-энелер менен жашаган окуучулар | 19 | 21 | 2 көбөйдү |

1.Балдарга карата ырайымсыз мамиленин алдын алуу.

2.Адам сатуунун алдын алуу.

3.Кылмыштуулуктун алдын алуу.

4.Коррупциянын алдын алуу.

5.Диний экстремизмдин алдын алуу боюнча пландар түзүлдү.

Ата-энеси эмгек мигрантына кеткен окуучулар менен тегерек стол уюштурулду.Анда балдарга карата ырайымсыз мамиленин алдын алуу боюнча маалымат берилип,түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

**Окябрь** айында сабактан качкан,компютердик клубтарда,сабак учурунда ойногон,тартип бузган окуучулар менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү."Чыгым чегүү ден соолукка зыян" деген темада 9-10-11-класстардын эркек балдарына ИДНдин кызматкери менен биргеликте жыйын өткөрүлүп,класстык сааттар өткөрүлдү.5-11-класстын окуучуларына "Окуучулардын укуктары жөнүндөгү конвенциясы" менен таанышытырылды.Мектепте "Рекэтчиликтин алдын алуу жана кейгейлөрдү ачыкка чыгаруу" боюнча 8-11-класстарга жашы жете элек балдар менен иштөө инспекторлору менен биргеликте чогулуш уюштурулуп,анкеталар алынды.

1.Кароосу жок өспүрүмдөр

2.Ичкилик ичкендер

3.Тамеки чеккендер

4.Тоголок жетимдер

5.Жарым жетимдер

6.Аз камсыз болгон үй-бүлөдөгү окуучулар менен соц педагог жана ИДН кызматкери менен рейд уюштурулду.

**Ноябрда** "Милиция жаш досум"деген темада 9-10-11-класстарга спорттук мелдеш өткөрүлдү.Анда 9-а классы 3-орунга,10-класс 2-орунга жана 1-орунга 11-класс ээ



Scanned by TapScanner

болуп,грамоталар менен сыйланды. Мериянын өкүлдүрү,ИДН инспекторлору,балдарды корго бөлүмүнүн адистери жана шаардык имамы менен биргеликте ата-энелерге "Укук бузуулардын алдын алуу" боюнча жыйын уюштурулду.

**Декабрь** айында 8-9-10-11-класстар арасында "Мен жана менин укугум" жана"Келечегибиз үчүн адам сатууга жол жок" деген темаларда дилбаяндар жазылып,стен газеталар чыгарылды.26-декабрьдан 29 чейин балаты майрамын уюштурулушун көзөмөлдөп,окуучулардын коопсуздугу каралды.

**Январда** жаңы окуу жылына карата социалдык паспорттору түзүлдү. "Биз адам сатууга каршыбыз","Кыз алакачуу адам сатууга киреби?" деген темаларда 10-11-класстын окуучуларына семинар өткөрүлдү.

**Февралда** 6-7-8-класстарга "Тамеки жана спирт ичимдиктердин зыяндуулугу" боюнча класстык саатар өткөрүлдү.Окуучулардан "Мектеп ичинде рекэтчилик барбы?","Зордук зомбулук деген эмне?" деген темаларда анкеталар алынып,түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

**Март** айында көйгөйлүү үй-бүлөр,аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө психологиялык жана гуманитардык жардамдар көрсөтүлдү."Кыз адеби кымбат" деген темада кыздар жыйыны уюштурулуп,анда кыздардын гигиенасы,жүрүм туруму,формасы,тартиби боюнча сүйлөшүүлөр жүрдү.

**Апрель** айында дискотекага,түнкү клубтарга рейдтер уюштурулду.Рейдтин жыйынтыгында мындай көрүнүштөр байкалган жок.Магазиндерде, базарларда иштеген окуучулар аныкталып,ата-энелери менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Сабактан көп калган жана сабактан качкан окуучулардын ата-энелери менен жекече сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, үй-шарттарына рейдтер уюштурулду.

**Майда** бүтүрүүчү класстардын ата-энелери жана окуучулар менен "Кесипке багыт алуу","Туура кесип тандоо" боюнча жыйындар уюштурулду.Кесиптик окуу жайлар менен биргеликте 9-11-класстарга жолугушуулар уюштурулду. Акыркы коңгуроо аземин өткөрүүдөгү коопсуздуктар,машине менен оюн зоокторду уюштурууга,кафелерге барууга тыюу салынып,түнкү рейдтер жүргүзүлдү.

**Июнь** айында окуучулардын экзамендерге өз убагында келүүсүнө көзөмөл жүргүзүп,9-11-класстарга жыйындар уюштурулду.Окуучуларга каникуль мезгилинде өз коопсуздугун сактоо үчүн ар бир ата-энелерге эскертүүлөр берилип,окуучулардан кол койдурулду.

Соц.педагог ______ Ч.А.Бабаназарова

Scanned by TapScanner